УДК: 37.01:39

*Осмонова Ж. Р., окутуучу, bekzat200627@mail.ru*
*Б. Сыдыков ат. Кыргыз-Өзбек*
*эл аралык университети, Кыргызстан*

# ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫ ТЕРЕҢДЕП ОКУТУП-ҮЙРӨТҮҮНҮН ЗАРЫЛ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Макалада изилдөө предмети болуп этнопедагогиканын негизинде элдин жамааттташкан чыгармачылык аракетин, турмушту үйрөнүп, ошол үйрөнгөн тажрыйбаларын башкаларга үйрөтүү, жайылтуу маселелери каралган. Изилдөөнүн максатын баланы жаштайынан эмгекти сүйүүгө, адептүү, намыстуу болууга, ата салтын, энени сыйлоого, тапкычтык менен сөзмөрлүккө, улууну урматтап, кичүүнү ызааттоого жана да көптөгөн мыкты элдик тарбия үлгүлөрүнө үйрөтүүнү жайылтуу маселелерин талдоого алуу түзөт.*

*Этнопедагогиканы тереңдеп окутуп-үйрөтүү аркылуу улуттун руханий түп-тамырларын сактап калуу, жалпы цивилизациянын өнүгүү процессинде өсүп келе жаткан муунду мамлекеттин өзү туу туткан улуттук идеалдардын духунда тарбиялоо зарылчылыгын жайылтуу боюнча жыйынтыктар берилген.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *көркөм сөз, этнопедагогика, цивилизация, каада-салттар, социалдык маани, гуманисттик аң-сезим, тарбия үлгүлөрү.*

*Осмонова Ж. Р., преподаватель, bekzat200627@mail.ru*
*Кыргызско-Узбекский международный*
*университет им. Б. Сыдыкова, Кыргызстан*

# АКТУАЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ УГЛУБЛЕННОГО ОБУЧЕНИЯ ЭТНОПЕДАГОГИКЕ

*В данной статье рассматриваются проблемы и вопросы воспитания через творческие ценности этнопедагогики, через накопленный жизненный опыт обучение других и распространение этого опыта.*

*Цель иследования - научить детей с малых лет любить и уважать своих родителей, почитать ценности и традиции предков, бережно относиться к труду, воспитовать марально-этическое воззрение на исконные ценности племени народности, нации.*

***Ключевые слова:*** *художественное слово, этнопедагогика, традиции и обряды, социальная значимость, гуманистическое сознание, образцы воспитания.*

*Osmonova J. R., teacher*
*E-mail: bekzat200627@mail.ru*
*named after Batyraly Sydykov*
*Osh city, Kyrgyzstan*

# IMPORTANT ISSUES IN TEACHING ETHNO PEDAGOGY

*The article deals with the issues of collective creative activity of people on the basis of ethno pedagogy, their study of life, teaching and dissemination of learned lessons.*

*The goal is to teach children from an early age to love work, be polite and honest, respect the traditions father and mother, be resourceful and eloquent, and respect the elders and the Youngers and many other good examples of public education.*

*The result is how to preserve the spiritual roots of the nation through an in-depth study of ethnopedagody, the need to educate the younger generation in the spirit of the state in the development of civilization as a whole.*

***Key words:*** *rhetoric, ethnopedagogy, civilization, customs, social significance, humanistic consciousness, examples of education.*

Бардык башка калктар сыяктуу эле кыргыздар да үй-бүлө куруунун башкы маңызы балалуу болуу, аларды багып өстүрүү, адам катарына кошуу деп түшүнгөн. Демек, ата-энелик парз – тукум улоо, ден соолугу чың, рухий дүйнөсү бай, татыктуу адамдын өсүп-жетилиши үчүн жоопкер болуу дегендик. Бала – үй-бүлөнүн тиреги, туткасы, ата-энелердин гана эмес, бүтүндөй журттун кайра жаралуусунун, өлбөстүгүнүн, өсүп-өнүгүшүнүн шарты. Элдик макалдарда “Балалуу үй – базар, баласыз үй − мазар”, - деп бекеринен айтылбайт [1: 69].

Кыргыз элинде тукумсуздук, баласыз өтүү – орду толгус оор трагедия. Бул элдик салттуу көз караш “Манас” эпосунда Жакыптын арманы аркылуу терең ачылып көрсөтүлгөн. Жакыпта мал да, алтын да, бийлик да бар. Бирок ал бала жоктугунан өзүн башкалардан кем санайт, жашап жаткан өмүрүнүн маңызын эч нерседен көрө албайт:

Тукуму жок өтөмбү?
Туяксыз бойдон кетемби?
Беш түлүктөн мал жыйдым,
беш чака пулга арам жок.
Бирок жабдык салып ат минип,
жанымда жүрөр караан жок [2: 124].

Өмүрүндөгү өзүнүн башкы табигый, тукум улоо парзын аткара албаган Жакыптын байбичеси Чыйырдынын тагдыры эки эсе азаптуу, ал: “Арт жагымда балам жок, мен жалпы журттун корумун, ак жоолуктун торумун. Артымда калган балам жок, ага-туугандан корундум”, - деп муңканат.

Чындыгында, аялдардын бир жерден орун-очок алышы, үй-бүлө, журт ичиндеги барк-бедели анын бала төрөп, багып өстүрүү вазийпасын канчалык деңгээлде аткаргандыгына карата өлчөнгөн.

Коомдо балдарды асырып алуу салтынын социалдык мааниси терең. Өткөн мезгилдерде ушул салттын күчтүүлүгүнөн улам, багуусуз, кароосуз

калган балдар болгон эмес. Кыргыз элинде атасынан ажырап көрүнгөн жакка, көбүнесе, тай журтуна тарап кеткен балдарды изилдөө, “бир атанын балдары” тобуна кошуу салты да элдин гуманисттик аң-сезиминин бийиктигинен кабар берет.

Кыргыздар да байыркы убактардан бери эле балдарын атайын сөз билген, сөз баккан кишилерге жакын койгон, таалим-тарбиялуу адамдарга шакирт катары алып барышкан, ал үчүн бала да устатынын алдында ар дайым милдеттүү болуп, өмүр бою ага кызмат кылып өткөн.

Кыргыз эли балдарга жана жаштарга таалим-тарбия берүү ишин бала туулгандан тартып, тагыраагы, ага чейин эненин курсагында түйүлдүк болор алдында жана түйүлдүк пайда болгондон тартып баштап, акыркы сапарында мүрзөгө коюлганга чейин активдүү жүргүзүп келген. Элибиз жаралган баланын баары бирдей, ал тарбиясынан гана айырмаланат деп эсептешкен жана тарбия берүүнү бирдиктүү, бүтүн жүргүзүүнү, мисалы, акыл-эс тарбиясын, эстетикалык тарбияны, дене тарбиясын, экологиялык тарбияны, адеп тарбиясын – баарын кошо алып барууга басым жасалган. Алар тарбиялоочу булактар катары карылардын акыл-насааттарын, баталарын, улуулардын өрнөктүү иштерин, табияттын көрүнүштөрүн, улуттук фольклорду өзгөчө пайдаланган.

“Манаста” балдарды тарбиялоонун көп усулдары жана формалары көрсөтүлөт, мисалы, бала Манас өтө кичине чактан Ошпур деген койчуга тарбиялоо үчүн берилет. Байлыгы ашып-ташкан бай Жакып эмне үчүн кенедей баласын алыстагы койчуга берип жатат? Бул – келечекте баатыр болор баланын камын көрүү, бала канчалык алыс болсо, ата-энени, Мекенди ошончолук сагынуу сезими менен өсөт; экинчиден, койчу баланы жумшап, эмгекчилдикке тарбиялайт.

Элдин турмуш практикасында баланын ден соолугу, туура өсүп-жетилиши жөнүндөгү камкордук ал жарык дүйнөгө келе электе, түйүлдүк кезинде эле башталат. Адатта, эне болуучу кош бойлуу аялды айлана-чөйрөдөгүлөр ызааттап сыйлап, ар түрдүү камкордукка алышкан. Алардын көңүлүн чөктүрбөө максатында өлүм-житим болгон жайларга барууга, караңгыда жалгыз калууга тыюу салышкан, ал чочуп же сезгенип калса, ашыкча ой-санаага батса, курсактагы балага доо кетерин эл жакшы түшүнгөн.

Турмуштук тажрыйбалардан улам, баланын алты саны аман, чыйрак төрөлүшү аялдардын кандайдыр бир тамакка болгон көксөөсүн канаттандырууга көп байланыштуу экенин билишкен. Муну “аялдардын талгагы” деп мүнөздөшкөн. Бул элдик акыл тажрыйба “Манас” эпосунда төмөндөгүчө сүрөттөлөт:

Манас бойго бүткөнү,
Тамам үч ай өтүптүр.
Байбиченин көңүлү
башкага ооп кетиптир.
Өз тамагы эсте жок,
Бал, шекерге карабайт,
Башка тамак жарабайт.
Жесем деп жолборс жүрөгүн,
мындан башка самабайт [3: 672].

Байбиченин талгагы эчен кыйынчылыктарга карабай канааттандырылат. Кош бойлуу аялдардын талгагын канааттандырууга калк канчалык жогору маани бергенине этнограф Г. Н. Волковдун “Этнопедагогика” деген эмгегинде кыргыз элине канатташ казак элине байланыштуу келтирген фактылары да жакшы далил боло алат [4: 19].

Кыргыз элинде төрөлө элек баланын кыз же уул болорун  эч кандай технологиянын жардамысыз эле болжоп, ажыратып билүүгө байланышкан айрым акыл-тажрыйбалар да кездешет. Бул акыл-тажрыйбалар кыргыз этнопедагогикасынын мыктылыгынан кабар берет. Алсак, айрым кыраакы энелер кош бойлуу аялдардын ичин аяр сылап, кармалап, эгерде карындагы баланын мойну жоон болсо уул, ичкерээк болсо кыз болот деп болжолдошкон. Ошондой эле эне түшүндө балта көрсө уулдуу, казан көрсө кыздуу болот деген ишенимдер да бар.

Кыргыз элинин жоокерчилик замандагы  педагогикалык салтында эркек бала төрөлдүбү, демек, ал – жоокер, элин жоодон коргоп турбаса, анын төрөлүшүнүн да, жашашынын да мааниси жок. Чыгармадагы бардык баатырлар элдик ошондой идеяларды алып жүрөт. Манас жаш чагынан өзүн баатыр, чечкиндүү, тайманбас болууга тарбиялайт, ал үчүн аскердик ыкмаларды үйрөнүп машыгат.

Тирүүлүктө ата баланы медер, бел тутуп жашайт эмеспи. Атанын “Балам эр жетип атымды өчүрбөсүн, ордумду басса, жакшылыгын гана көрсөм, элге-журтка пайдасы тийсе, анда мен жашоомо ыраазымын” деген ак тилеги болот. Андыктан ата балага насаат, санат сөздү кулагына куят, тарбиясын берет, өнөрүн үйрөтөт. Мурунку бабаларыбыз таалим, сабак алсын, сөз баркын билсин деп той-тамашада, салт-үлпөттө, калк башына түшкөн кыйын кездердеги жыйындарда, үй-бүлө ичиндеги жаман-жакшылыкты сүйлөшүүдө уулдарын өздөрү менен жанына ала жүрүп, эл-журт аралаткан. Балдар аралашкан толгон оюндарда, салттык ырым-жырымдарда, үлпөттө, жорук-жосундар болгондо табышмак, алкоо, нуска ырлары, айтыш коштоп жүргөн. Арийне, кыргыз баласы сөздүн кунун, таасирин, күчүн жаштайынан эрте билип чоңойгон.

Кыргыз элинде бала жаратуу, анын төрөлүшүн күтүү, төрөт учуру, тарбиялоо процесси ар кандай салттар, ырымдар жана тойлор менен коштолуп, ошолордун баарында оозеки чыгармачылык кеңири пайдаланылган. Лирикалык жанрдагы ырлардын көпчүлүгүнүн атайын обону болуп, ошол обон баланын физиологиялык жактан туура өсүшү жана эстетикалык жаткан табити жогорулашы үчүн кызмат кылган. Кыргыздарда бешиктен көрүстөнгө чейин ыр коштойт деп айтышат, ошол ар бир коштолгон ырда элдин маанайы, үмүт-тилеги, психологиялык абалы чагылдырылат.

Баланын төрөлүшү ата-эненин гана эмес, урук, уруу, жалпы жамааттагы теңдешсиз кубанычтуу окуя катары кабылданган. Жарык дүйнөгө келген наристени тууган-урукка, айланадагы эл-журтка кабарлоо, сүйүнчүлөө милдети көбүнесе балдарга жүктөлгөн. Салт катары сүйүнчү жеткирген адамга ар ким өз мүнкүнчүлүгүнө жараша белек-бечкек беришкен.

Бала төрөлгөндөн алгач киндигин кесишкен. Аны көп балалуу, барк-бедели бийик аялдар ишке ашырган. Андай аял “киндик эне” аталып, өмүр бою ата-эненин, баланын жакын адамына айланган. “Киндик эне” баланын жакшылык иштеринин баарында ардактуу конок катары эл алды болуп чакырылган.

Кыргыз элинде жаңы төрөлгөн баланы сары май же куйрук май менен оозантуу салты болот. Бала бойго бүткөндөн тартып эле жаш жубайлардын ата-энелери кыз тараптан да, эркек бала тараптан да өз-өзүнчө болочок неберенин камын көрө баштайт. Мына ошол кам көрүүнүн алгачкыларынын бири – карынга май куюу. Сары майды туула элек балага арнап салышат да, бала төрөлөрү менен эле алгачкы аракет – ошол карын майды бузуу жана андан балага ооз тийгизүү ырасымы сакталып келет. “Сары май турган жерге дарт турбайт”, - деп коюшат кыргыздар. Мына ошол майлар – баланын эне курсагынан чыккандагы эң биринчи тамагы, ал эненин ууз сүтүнөн да мурда ооз тийгизилет. Ал баланын төрөт учурундагы кокус алган дарттарын тазалап кетет, ичи-кардын бир сыйра, азыркыча айтканда, дезинфекциялап чыгат дешкен. Наристенин чоң энеси же таенеси, же алардын ордун баса турган туугандарынын бири май оозантып, мындай ыр айтат:

Быссымылда ырахманы ырайым,
Оозуңа май салып турган умайым.
Алты куйрук ашагын,
Алтымыш аша жашагын.
Жети куйрук ашагын,

Жетимиш аша жашагын.
Кызыл тилден таңдайлуу бол,
Ырыскыдан маңдайлуу бол!

Мында тилек, ниет айтылып, бата берүү салты башкы орунга чыгат да, баланын келечегине ишеним, жолунун жарык болушуна ак ойлор айтылат.

Адам жашоосу айлампа сыяктуу. Бала төрөлөт. Төрөлгөн күндөн баштап ага дүйнөдөгү эң асыл ойлор, каалоо-тилектер, алкыш сөздөр багытталат. Анын жан дүйнөсү таза, тарбиясы оң, эмгекти, эл-жерин, адамзат тукумун сүйгөн, ата-энесине камкор адам болуп чоңоюшуна кам көрүлөт.

Кыргыз элинде жарык дүйнөгө жаңы келген мураскорго ата-эне, жакын туугандар козу, музоо, тай энчилеп берүү салты бар. Энчиленген мал, анын төлү да түгөлү менен баланын менчиги катары эсептелген. Бул салт да өз алдынча педагогикалык мазмунга ээ. Ал баланын туугандар ичиндеги мамилеге, мал чарбачылык ишке жоопкерчилигин, эмгекчилдик сапаттарын эртелеп өстүрөт [5: 50].

Ошентип, балдарга байланышкан ырым-жырым, салт-жөрөлгөлөрдүн баарында элдик педагогикалык акыл-эстин ыраатуулугу, максаттуулугу айкын сезилип турат. Алар элдин балдарга карата өзгөчө сүйүүсүнө, алардын туура өнүгүп-өсүшү жөнүндөгү камкордуктарына негизделген.

Элдик педагогика – элдин жамааттташкан чыгармачылык аракети, турмушту үйрөнүп, ошол үйрөнгөн тажрыйбаларын башкаларга үйрөтүү, жайылтуу, элдик педагогикалык идеяларды, адат-салттар, жөрөлгөлөр, рухий-педагогикалык нарк-дөөлөттөрдү жайылтуу.

**Адабияттар:**

1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. -Бишкек: Алтын тамыр, 1997. -62 б.
2. Акматалиев А. Балдарга арналган салт жана ырым-жырымдар. - Бишкек: Бийиктик, 2002. -124 б.
3. Манас. 3-китеп. С. Орозбаковдун варианты боюнча. -Бишкек: Бийиктик, 1995. – 672 б.
4. Волков Г. Н. Этнопедагогика. - Чебоксары: Чувашкнигоиздат, 1974. -367 б.
5. Муратов А., Акматов К., Тажикова Б. Кыргыз этнопедагогикасы. - Бишкек: Китеп, 2018. -50 б.
6. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп. - Бишкек: Турар, 2011. -604 б.